# Кызыл плащ



Автор: Киран Кастурия
Сүрөтчү: Зайнаб Тамбавалла
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Кызыл плащ

Автор: Киран Кастурия
Сүрөтчү: Зайнаб Тамбавалла
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Pratham Books

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*The Red Raincoat*, Copyright © 2015, Pratham Books түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Кызыл плащ" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Киран Кастурия, сүрөтчү Зайнаб Тамбавалла, Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз:
https://storyweaver.org.in/stories/369-the-red-raincoat

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom



Дем алыш күнү Азатка ата-энеси кызыл плащ белек кылышты.

– Апа, муну азыр кийсем болобу?


– Жок, бүгүн асманда булут көрүнбөйт. Балким, жакынкы күндөрү жаан жаап калар.



Дүйшөмбүдө күн чайыттай ачык, жылуу болду.

– Апа, бүгүн жаан жаайбы? - деп үмүттөнө сурады Азат.

– Жаабайт окшойт. Плащ кийип чыксаң, баары күлөт го? – деди апасы.



Шейшемби күнү асман көпкөк болуп турду.

– Апа, мен жаңы плащымды деги качан кием? – деп Азаттын көңүлү чөктү.

– Тилекке каршы, асманда бир эле токумдай булут көрүнөт. Плащыңды жакында кийбейт окшойсуң, – деп жооп берди апасы.



Шаршемби күнү күн аябай ысык болду.

– Апа, эмнеге жаан жаабай жатат? – деди Азат капаланып.

– Балам, жаан жакында жаайт окшойт. Балким, бүгүн кечинде жаап калар, – деп апасы Азатка үмүт берди. Бирок бир да тамчы жааган жок.



Бейшемби күнү Азат сейилдеп келейин деп чечти.

– Апа, балким, жаан жаап калар. Кызыл плащымды алып алсамбы? – деп апасын үмүттөнө карады Азат.

– Жок, булуттар абдан бийикте. Бүгүн жаан жаабайт, – деди апасы.



Жума күнү күн бүркөк болду.

– Апа, бүгүн жаан жаайбы?!

– Балким, жаайт. Асманда сур булуттар пайда болуптур.



Ишемби күнү Азатты күркүрөгөн үн ойготту.

– Апа, эмне күн күркүрөп атабы? Демек, жаан жаайт да ээ? – деп сүйүнүп кетти Азат. Ал апасынын жообун күтпөстөн, көчөгө чуркап чыкты.



– Азат, сен плащыңды кийгенди унутуп калдың, – деп кыйкырды апасы Азаттын артынан чуркап чыгып.



– Апа, жаан акыры жаады ээ. Кандай сонун! Жаан жаап жатат! Тынбай жаап жатат! – деп Азат ары-бери сүйүнүп чуркап жүрдү.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Киран Кастурия
Сүрөтчү: Зайнаб Тамбавалла
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли